**Ош мамлекеттик университетинин медициналык колледжинин иш берүүчүлөрү, ата – энелер, бүтүрүүчүлөр менен жолугушуу боюнча тегерек столдун протоколу**

22.01.2026-ж Ош шаары

Төрага: З.С.Арынов

Катчы: Г.Б.Жээнбекова

Катышты: 50

**Күн тартибиндеги маселелер**

1. Тегерек столдун ачылышы ата-энелер, иш берүүчүлөр, бүтүрүүчүлөр.
2. Ар түрдүү маселелер.

**Угулду:**

Төрага (Медициналык колледждин директору, доцент З.С.Арынов) сүз сүйлөп, күн тартибин тааныштырып каалоо тилектерди айтуу менен медициналык колледжде болуп өткөн жаңылыктары айтып жетишкендиктерин баса белгиледи. Германия өлкөсүнө болгон иш сапар; Казакстанга болгон иш сапар алар менен студенттердин окуу иштөөсү үчүн түзүлгөн келишимдер боюнча маалыматтар белгиленди. Мындан сырткары Кытай Япония мамалекеттери министрликтен келген окуу жайлардын жетекчилери менен жолугушуулар алар менен менен түзүлгөн келишимдер мисалдар менен айтылып баардык аракеттер студенттер үчүн чет өлкөлөрдө билим алууга, иштөөгө шарт түзүүгө болгон аракеттер экендигин белгиленди.

Мисалы: Студенттер азыркы мезгилде немец тили жана япон тили боюнча билим алып жатышат тил дегээли жеткен кезде чет өлкөгө чыгышат.

Медициналык колледжде Казакстанга Өзбекстанга олимиада боюнча 2-3 байгелүү месталарды алып келишүүдө, мобилдүүлүк боюнча ички сырткы медициналык окуу жайларда билим алып келишүүдө жетишкедиктер көп. Бүгүнкү күндө Ош малекеттик университети өзгөчө макам алган ошондуктан, окуу программаларын өзгөртүүгө мүмкүнчүлүктөр түзүлдү бүгүнкү тегерек столдун максаты дисципллиналар боюнча окуу программасына сунуштар болсо өзгөртүүлөрдү киргизсек болот ой пикириниздерди ооз эки жазуу түрүндө айсаңыздар талкууласак, ошону менен бирге иш берүүчүлүр бирге иш алып барып жатабыз студенттер кандай даярдыктар менен практикага барып жатат. Гүлзат Илимбековнага окшогон мыкты иш берүүчүлөрүбүз көп сунуштар болсо айтыныздар.

Сөзгө чыкты:

1. **М.Д.Бабаев** – сүзүндө студенттердин практикада катышуусу канаттандырбай жатат, заман өзгөрдү дуалдык окутууга өткөрсөк жакшы болот эле медициналык практикада көп иштеш керек рейтингди көтөрүү керек.
2. **Д.К. Төрөбаева** – сөзүндө тегерек столдун жүрүшү боюнча күн тартиби менен тааныштырды.
   1. Иш берүүчүлөр 309 каанада ишин улантат
   2. Ата – энелер акушердик иши жана педиатрия ПЦКда
   3. Бүтүрүүчүлөр жалпы медицина ПЦКда

   Иш берүүчүлөргө анкета таркатылды сунуш пирирлерин жазуу түрүндө да калтырууга мүмкүнчүлүк түзүлдү кызуу талкуу жүрдү.

   **3.Төлөнбаев Арабидин** (стоматолог) – Практикалык дэңгээлин студенттердин өтө төмөн көбүраак үйрөтүү керек практикада.

   **4. Сманов Сүйүнбек** (фармацевт) – фармация адистигинде рецеп жазып окуй албай латынча практикада көп үйрөтүү керек. Дары жасаганга мүмкүнчүлүк жок №5 аптекадан башка.

Scanned with AltaScanner

**5. Касымова Зуура** (акушер) – акушер адистиктеги студенттер теория аз болуп практика сабактарды көп үйрөтүү керек.

**6. Кожонова Нурниса** – дары жасоо боюнча жеңил растворлорду жасаса болот, башка дары дармектерди жасоого уруксат жок.

**7. Султанов Мирболот** – биринчи жардам боюнча аппарат иштетүүнү үйрөтүү керек практикада көрсөтүү керек. ЭКГ лорингоскоп менен иштөө керек. Практиканы уюштуруу декабрь айына баардык колледжер пландайт студенттер көп болуп практика өз деңгээлинде өтпөйт. Ошондуктан колледждер сүйлөшүп практиканын графигин ар айга түзүшсө жакшы болмок.

**8. Исамаилова Зейнеп** – студенттер менен беседа кылганда медицинаны тандабай келген студенттер көп ошолор кыйналат, кызыккандар түнкү сменада да иштөөгө аракет жасашат. 100% десек 40%ти кызыкпай келген студенттер.

**9. Гүлзат Илимбековна** – сөзүндө медициналык колледждерге жардам беришибиз керек патриот болуп. Лабораторияда эки студент окутуп жатам бара – бара көбөйтөбүз. Сабак өткөндө теорияда сүрөттө башка өз көзү менен лабораторияда көргөндө башка эмоция кызыгуу болот. Циталогия боюнча студенттерди окутуп берсек, цитологдор жок азыркы мезгилде. Патриоттук сезимдерди ойготу жок дегенде 10 студент алып үйрөтсөк келечек үчүн кадырлар пайда болот.

**Иш беруучулөрдөн өз каалоосу менен конок лекция өтүүчүлөр:**

1. Бегматова Мээрим – фармация боюнча конок лекция
2. Исмаилов Зейнеп – акушер боюнча конок лекция
3. Гулзат Илимбековна – циталогия боюнча конок лекция
4. Султанов Мирболот – 1-жардам боюнча конок лекция
5. Мамашарипова Мээрим – стоматология боюнча конок лекция

Жолугушунун экинчи бөлүгү биофак БАЗда уланды директор З.С.Арынов жолугушунун экинчи бөлүгүн ачып сөз сүйлөдү жана меймандарга сөз берилди бүтүрүүчүлөргө медицина тармагындагы бүтүрүүчүлөрдү ишке жайгаштыруу маселеси сайттагы вакансиялар боюнча уланды. Сайттагы вакантык орундар кантип иш кагаздарын жайгаштыруу керек Ош мамлекеттик университетинин карера борборунун өнөктөштүк секторунун адиси Азиретали Сайпидинович түшүнүк берди.

**Токтом кылынды:**

1. Студенттерди дуалдык окутууга системасын терендетүү колго алынсын.

/ **Мед.колл.директору:** **З.С.Арынов**

**Катчы:** **Г.Б.Жээнбекова**

Scanned with AltaScanner